**Өмүралиева Жанар Орозалиевнанын 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусундагы "Манас" эпосунун көркөмдүк өзгөчөлүгү жана анын чыгармачылык өнөрканасы" деген темадагы диссертациясына илимий жетекчинин**

# ПИКИРИ

Кыргыз элинин таланттуу уулдарынын бири – Молдобасан Мусулманкулов. Ал кыргыз фольклорундагы эпикалык чыгармалардын казынасына бараандуу салым кошкон айтуучулардын катарынан орун алат. Анын чыгармачылыгы совет мезгилинде кеңири жана ар тараптан изилденген эмес, башка манасчылар сыяктуу эле архивдик материал катары сакталып келген. Эгемендүүлүк мезгили М.Мусулманкулов сыяктуу манасчылардын чыгармачылык өнөрүн ачып берүүгө шарт түзүп, анын варианттарын толук жарыялоого камкордук кылды. Айтуучунун "Манас", "Семетей" эпосторунун сюжеттик структурасы, поэтикасы, образдар системасы ж.б. фольклордук маселелер, манасчылык өнөрүнүн калыптаныш эволюциясы, жалпы чыгармачылыгынын изилдениш деңгээли комплекстүү иликтенбей келген. Мына ушундай илимий объектиге алына элек темаларды текстологиялык жактан тактап, ага илимий аспектте анализ берген жаш окумуштуу Жанар Өмүралиева болуп саналат. Изилдөөчүнүн бир топ манасчылардын варианттарын салыштырып, манасчы М.Мусулманкуловдун алар менен жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн белгилөөсү илимий иштин жаңычылдыгын жана актуалдуулугун белгилейт.

Ж.Өмүралиеванын "Манастын" текстин өтө жакшы өздөштүрүшү илимий анализге алуусу көңүлдү бурбай койбойт. Диссертант системалуу, жыйынтыктуу, манасчылык өнөрдөгү процесстерди көз алдыга тартып, М.Мусулманкуловдун чыгармачылыктагы калыптануу жана өсүү жолун туура далилдеп көрсөтө алган. Ошону менен бирге М.Мусулманкуловдун кенже эпосторду жана акындык өнөрдү өнүктүрүүдөгү ролун илимий негизде кеңири ачып берген.

Дүйнөлүк окумуштуулар: В.М. Жирмунский, А.Б. Лорд, В.Я. Пропп, Б.Н. Путилов, ж.б., жергиликтүү илимпоздор: К.А. Рахматуллин, Р.Кыдырбаева, С.Мусаев, Э.Абдылдаев, Р.Сарыпбеков, Б.Кебекова, А.Жайнакова ж.б., бүгүнкү фольклортаануудагы илимдин докторлору: Г.Орозова, Ж.Орозобекова, Г.Жамгырчиева, Н.Нарынбаева ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектери менен илимий-теориялык базасын чыңдаган

изденүүчү салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый методологиялык негизде талдоо жүргүздү. Темасын ачып берүү үчүн изденүүчү өздөштүрүлүшү зарыл болгон илимий-теориялык иштер менен толук таанышып чыкты.

Иштин киришүүсүндө теманын актуалдуулугу, жаңычылдыгы, максаты, милдеттери, апробациясы ж.б. талапка ылайык жоболору ачык жана так аныкталган.

Диссертация 2 глава 6 параграфка туура бөлүштүрүлгөн. Изденүүчү 1-главасында М.Мусулманкуловдун жалпы чыгармачылык өнөрканасынын изилденишине талдоо жүргүзүп, манасчылык өнөрүнүн калыптануу процессин теориялык жана практикалык иликтөөлүрүнө таянып ишенимдүү корутундулаган. Мусулманкуловдун ырчылык өнөрүндөгү автордук чыгармаларынын идеялык мазмунун ачып, тематикалык классификация жасаганы диссертанттын ишти өтө кызыгуу менен иштегендигин көрсөтөт. Мусулманкуловдун айтуусундагы кенже эпостор боюнча буга чейинки илимий аныктамаларды жеке пикирлери менен толуктап, далилдөөгө аракеттенген.

Иштин 2-главасында диссертант М.Мусулманкуловдун айтуусундагы “Манас” жана “Семетей” эпосторундагы сюжеттик салттуулук жана өзгөчөлүктөрдү башка айтуучулардын варианттары менен текстологиялык салыштырып талдоого алган. Сюжет, мотив, эпикалык формулалар, тилдик өзгөчөлүктөр, негизги каармандардын образдары сыяктуу проблемаларды анализдеп жана манасчынын канчалык деңгээлде салттуулукту сактап, кандай деңгээлде жеке импровизациялоого орун бергенин изденүүчү так көрсөтүп берген. Диссертанттын тексттин үстүндөгү иликтөөлөрү анын эпостун варианттары менен жакшы тааныштыгын ырастайт.

Изденүүчү ар бир главанын аягында далилдүү илимий тыянактарын берет. Ал эми жалпы корутундуда изденүүчү темага тиешелүү илимий изилдөөлөргө таянып өз жыйынтыктарын ишенимдүү чыгарган.

Изилдөөчүнүн стили жакшы, илимий мүнөзгө ээ, оюу так. Жыйынтыктап айтканда, Өмүралиева Жанардын 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча жазган бул кандидаттык диссертациясы алдыга койгон максатына жеткен, иштин илимий-теориялык деңгээли ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Кандидаттык диссертацияны коргоого сунуш кылам.

**Илимий жетекчи ф.и.д., академик А.Акматалиев**